DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2021

*Ысакова М.А.*

# ПЕДАГОГИКАЛЫК КЕСИПТИН СОЦИАЛДЫК МААНИСИ ЖАНА КООМДОГУ ОРДУ

*Ысакова М.А.*

# СОЦИАЛЬНАЯ ЗНАЧИМОСТЬ И МЕСТО ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ПРОФЕССИИ В ОБЩЕСТВЕ

*M. Ysakova*

# SOCIAL SIGNIFICANCE AND PLACE OF THE TEACHING PROFESSION IN SOCIETY

*УДК: 37:378. 978.*

*Бул макалада педагогикалык адистерди даярдоо жана алардагы кесиптик компетенциялардын калыптануусундагы айрым бир кыйынчылыктар, жетишкендиктер тууралсында айтылат. Педагогдук кесиптин келип чыгуусу, тарыхы, кесипке ыктоо, багыт алуу, жөндөмдүүлүктөрдү калыптандыруу сыяктуу маалыматтар берилген. Мындан сырткары заманбап кесип ээлерине карата сунуштар, багыт берүүлөр, көрсөтмөлөр жазылган. Педагогикалык кесипке жаштардын бүгүнкү күндөгү көз караштары, кызыгуулары, кесипке баа берүүлөрү, ага карата багыт алуусу жана бүгүнкү күндөгү заманбап педагог эмнелерге маани берүүсү зарыл, эске алуу керек экендиги айтылган. Бүгүнкү күндө коомдун, экономиканын, медицинанын, илимий техниканын өнүгүп өсүүсүнүн натыйжасында, келечек коомубуздагы жаштарыбыздын кесип тандоого, эмгек ишмердүүлүгүн улантууга карата көз караштары да өзгөрүүгө учуроодо. Мунун натыйжасында кесип тандоо, ар кандай кесиптерге карата көз караштар өзгөрүлбөй койгон жок. Жаштарыбыздын көпчүлүгү экономикалык абалды оңдоп, түздөө максатында кесип ээ болбой туруп эле, жакынкы чет өлкөлөргө каражат табуу максатында өлкөбүздөн убактылуу кетип жатышат.Бирок бир гана эске алчу негизги нерсе - бул коомубуздун, өлкөбүздүн келечеги, жаштардын тагдыры боюнча ойлонгонго убакыт бөлбөгөндүгүндө. Мектепти аяктап жаткан болочок кесиптин ээлеринин кээ бирлеринин көз карашы боюнча жеңил, оңой акча табуу менен турмушун улантуу үчүн кесипке ээ болбой туруп эле, жогорку билим үчүн умтулбай чет өлкөлөргө тил үйрөнүп барып акча таап келүү керектигин айтышат.*

***Негизги сөздөр:*** *педагогдук кесип, заманбап, компетенция, болочок, кесип, кызыгуу, келечек, көз караш, тандоо.*

*В данной статье рассмариваются некоторые проблемы и достижения в подготовке учителей и формировании их профессиональных компетенций. Предоставляется информация о происхождении, истории педагогической профессии, профориентации, ориентации, развитии навыков. Кроме того, есть рекомендации, руководства и инструкции для современных профессионалов. Было сказано, что сегодняшние взгляды, интересы, оценки профессии, ориентация и ориентация молодежи на педагогическую профессию должны учитывать сегодняшние взгляды, интересы, оценки профессии, ориентации и то, на что должен обращать внимание современной педагог. Сегодня, в результате развития общества, экономики, медицины, науки и технологий, отношение нашей молодежи в нашем будущем обществе к выбору профессии и продолжению своей карьеры меняется. В результате карьерной выбор и отношение к разным профессиям не изменились. Многие из наших молодых людей уезжают из страны на время, чтобы заработать деньги за границей, не имея профессию, чтобы улучшить экономическую ситуацию. Но нужно напомнить о том, что не было уделено время, думать о будущеи нашего общества, нашей страны, о судьбах молодежи. Некоторые будущие выпускники говорят, что для того, чтобы заработать на жизнь, им нужно уехать за границу, чтобы учиться и зарабатывать деньги без высшего образования.*

***Ключевые слова:*** *педагогическая профессия, современная, компетенция, будущее, профессия, интерес, перспектива, видение, выбор.*

*This article discusses some of the problems and achievements in the training of teachers and the formation of their professional competencies. Information about the origin, history of the teaching profession, career guidance, orientation, and skill development is provided. In addition, there are recommendations, guides and instructions for modern professionals. It was said that today's views, interests, assessments of the profession, orientation and orientation of young people to the teaching profession should take into account today's views, interests, assessments of the profession, orientation and what a modern teacher should pay attention to. Today, as a result of the development of society, economy, medicine, science and technology, the attitude of our young people in our future society to choose a profession and continue their career is changing.As a result, career choices and attitudes to different professions have not changed. Many of our young people leave the country for a while to earn money abroad, without having a profession to improve the economic situation. But we need to remind you that there was no time to think about the future of our society, our country, and the fate of young people. Some future graduates say that in order to earn a living, they need to go abroad to study and earn money without a higher education.*

***Key words****: teaching profession, modern, competence, future, profession, interest, perspective, vision, choice.*

Бул жерде өздөрүнөн кийинки муундун же ошол эле мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн балдарынын тагдыры тууралсында ойлошту бекен? деген ой келет.

Негизи кандай гана өлкө, мамлекет болбосун биринчи кезекте коомдун келечек тагдырын, өнүгүүсүн эске алган болсо, келечек муундарга карап шарт жаратып берген болсо, анда ал өлкөнүн келечеги

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



кенен болот эмеспи. Ушунун баары тарбиядан көз каранды. Мейли инсан жогорку билимдүү болсун, мейли орто билимдүү болсун, бирок негизгиси ал адамдын тарбиясы “мыкты” болсун деген сөз бекеринен айтылбаса керек.

Тарбиянын башаты – үй-бүлөдөн башталат. Үй-бүлөдөн кийинки тарбия берүүчү, инсанды социалдаштыруучу институт бул – балдар бакчасы, андан соң мектеп боло тургандыгы баарыбызга маалым. Демек, тарбия берүүчү, турмушка багыттоочу устаттарыбыздын балдардын инсанынын туура калыптануусуна көмөк көрсөтүүчү болочок педагогдорубуздун кесиптик компетенцияларын калыптандыруу туурасында сөз кылмакчыбыз. Алгач педагогдук кесип, анын комдогу орду, келип чыгуу тарыхы, кызматы, таасири туурасында бир аз токтолуп өтөлү.

Педагогдук кесип – адамзат коомундагы эң байыркы кесиптердин бири. Бул кесиптин пайда болуусунун негизги себеби өсүп келе жаткан жаш муундарды жашоонун ыктарына көндүрүү б.а. адамзат коомунда жаралган баалуу мурастарды муундан муунга өткөрүп берүү.М: тарбиялоонун жолдорун жана ыкмаларын ж.б.

Тарбиялоого карата муктаждык балдарга эмгек куралдарын пайдаланууну кийинки муунга өткөрүп берүү маселесинде зарылдык келип чыккан. Биринчиден – үйрөтүү, экинчиден – сактап калуу, үчүнчүдөн – кийинки муунга өткөрүп берүү.

Алгач, бул муктаждык чоң кишилер менен жаш балдардын ортосундагы өз ара карым-катыштын негизинде келип чыккан. Мисалы: эгин эккенде, үрөн сепкенде, чогултканда, аңчылыкка чыкканда, балык кармоодо ж.б. Чоң кишилер менен жаш балдардын ортосундагы эмгек менен мамиле байланыш чектелген эмес. Чоңдордун балдарга багыт берүүсү жана талап коюусу, тыюу салуулары ж.б.у.с. процесстер үзгүлтүксүз жүрүп турган. Ушундай талаптардын негизинде тарбиялоонун атайын өзгөчөлөнгөн формасы пайда болгон жана анын максаты, өнүгүүсү инсандык сапаттарды жаратуу, жүрүм-турум нормаларына багыттоо, коомдун талабына ылайык нормалар келип чыккан. Көптөгөн жылдар бою коомчулуктун талабына ылайык жана жамааттык иш аракеттерине байланыштуу балдарды тарбиялоодон ажыратып алууга мүмкүнчүлүк болбогон. Ал эми этнограф изилдөөчүлөр бул маселени көптөгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгында алгачкы тарбиялоонун элементтерин эмпирикалык жол менен аныкташкан. Бул багытта окутуп тарбиялоонун каражаты катары оюнчуктарды, ритуалдык белгилерди, оозеки чыгармалар тарбиялоонун каражаттары болгондугун изилдеп далилдешкен.

Алгачкы тарбиялоо эркек балдарда жер иштетүү, аңчылык кылуу, мал чарбачылык, аскердик даярдык ж.б. Ал эми кыз балдарда үй кожейкенин ашкана сырлары, токуучулук, кол өнөрчүлүк ж.б. үйрөткөн. Кийинчерээк үй-бүлөлүк тарбиядан соң кыздар менен балдарды чогултуп, атайын үйлөргө, лагерге топтоп мектеп сыяктуу этап, этап менен тарбиялай башташкан.

1) «Педагог» деген сөз Байыркы Грецияда пайдаланылган б.а. «paida» – «gogos» – баланы жетелеп жүрүүчү кулдарды айтышкан.Баланы ээрчитип жүргөн кул.

2) Байыркы орус тилинде «мугалим» деген сөз көбүнчө бийик, жогорку даражадагы инсандар, мисалы: жол башчы, багытточу, жол көрсөтүүчү катары бааланып, мугалимди сыйлап, ыраазычылык билдирип турушкан. Орустарда ошондой эле баланы сабаттуулукка үйрөткүн адисти «мугалим» деген аталыштын ордуна «мастер» деген ат менен аташкан. Мисалы: Мастер грамоты (чебер, уста). Ал эми орус тилиндеги сөздүктө «мугалим» деген сөздү наставник, окутуучу, жол көрсөтүүчү деген сөз менен түшүндүргөн б.а. тарбиялоочу, тарбиячы менен окутуучу деген сөздөрдү кошо айтууга болот.Негизинен педагогикалык кесиптин артында эң татаал сөз «тарбиячы» тарбиялоочу деген маани жатат. Педагогикалык кесиптин арты менен атайын тарбиялоо,өнүктүрүү багытында «тарбиячы» деген кызмат пайда болгон. «тарбиячы» кесиби XVII-XVIII кылымдарда алгач Европада жана ошол эле учурда Россияда пайда болгон. Франция жана Германияда да балдар үйлөрү, приюттар балдардын ата-энесинин ордунда кызмат кылуучу жетим балдар үйлөрү ачылган.

840-жылы Ф.Фребель (1782-1852) немец педагогу өз үйүн алгачкы жолу бала тарбиялоочу мекемеге берип, «бала бакча» деп атаган. Ошонун негизинде тарбиясыларды даярдоочу курстар, билимин өркүндөтүүчү иш чаралар башталган.

Бүгүнкү күндө өнүккөн өлкөлөрдө (Франция, АКШ, Великобритания) балдар бакчасынын саны 80-90%ды түзөт. Ал эми биздин өлкөдө келечектеги иш тарбиялоо багытында бала бакчалар, колледж, мектептер иш алып барууда.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Педагогикалык ишмердүүлүк өзүнчө бир системалуу структурадан турат. Мотив-максат-предмет-калыптандыруунун жолдору = жыйынтык (результат). Бүгүнкү күндөгү замандын талабына ылайык ар бир тарбиячы төмөнкүлөрдү билүүсү зарыл.

1) Балдардын ийгиликтүү тарбиялануусуна шарттарды жаратып берүү. Мисалы: Баланын ден-соолугуна, кабыл алуусуна, эмоционалдык абалдарына, уйкусуна, өздөштүрүүсүнө көнүл буруу.

2) Балдардын ден-соолугуна кам көрүү жана алардын өмүрүн коркунучтан алып калуу, сактоо. М: Салмагын, боюн, температурасын, оккуга болгон даярдыгын текшерип туруусу керек. Зарыл болгон учурда ар кандай жугуштуу ооруларга каршы вакциналарды убагында камсыздоо.

3) Ата энелерди педагогикалык агартуу процессине катыштыруу. М: Педагогикалык кеңештерди берүү, ата-энелер менен тыгыз байланышта болуу.

4) Өз билимин өркүндөтүп, замандын талаптарына жооп бере билүү

а) Педагогикалык такт – өзүн-өзү кармай билүү. Ар кандай кырдаалда өзүн-өзү кармай жана кырдаалга карата өзүн башкара билүү жөндөмдүүлүгү педагогикалык такт деп аталат. Кандай гана кырдаал болбосун жекече инсандык касиетин жоготпоо жана өзүнүн кадыр баркын түшүрбөө.

б) Педагогикалык чеберчилик, оптимизм, кесиптик баарлашуунун маданияты, педагогикалык рефлексия (өзүн-өзү анализдөө).

Педагогика деген сөз байыркы доордон бери эле ар кандай тилде аталып келип, ар кайсы өлкөнүн лексиконунда пайдаланылат.

Бул сөздүн кеңири жайылтышынын эки багытын белгилөөгө болот.

а) Педагогика практикалык иш аракеттин чөлкөмүндө, искусство, чеберчилик багытында.

б) Педагогика илимий чөйрөдө илим, билимде.

Педагогиканын тарыхында тарбиялоонун эки системасы байыркы мезгилден бери көздөй келе жатат. (Б.з.ч. VI-IV к.) Байыркы Грецияда спартандык жана афиндык тарбиянын түрлөрү.

Спарта – аскердик мамлекет болгон. Ал Афинада демократиялык башкаруунун жана акыл-эсти өстүрүү, нравалык сапаттарды калыптандыруу ж.б. боюнча Мисалы: китеп окуу, жазуу, эсеп, музыкалык аспапта ойноо өзгөчө искусствого жана маданиятка көңүл бурулган. Ушул сыяктуу тарбиялоонун баалуу мурастарын чогултуп, бүгүнкү күнгө жеткирген улуу ойчул философторго Демокрит (470-430 б.з.ч.), Сократ (469-399 б.з.ч.), Платон (427-348 б.з.ч.), Аристотель (384-322 б.з.ч.) жаратылыш менен адамдын ортосунлагы байланыш, нравалык сезимдердин жаралуусу, заманбап идеяларды өнүктүрүү, өспүрүмдөрдү жана жаш балдарды тарбиялоодогу өзгөчөлүктөр боюнча айтып кетишкен.

Орто кылымдарда церковдордо байыркы мезгилдеги тарбиялоонун жана ар тараптан жан дүйнөнү байытуунун негизинде окутуу жана тарбиялоонун, маданияттын очогу болгон билим берүүчү университеттер пайда болгон.

Алгач 1148-жылы Европада биринчи университет Болонье (Италияда) ачылган.

XVI к. Оксфорд университети (Англия), XIII к. Парижде (Париж) университети Францияда ачылган бирок, булардын көпчүлүгү дин таануу (теология), медицина, юридикалык жана көркөм искусство багытында ачылган.

XVIII к. алгачкы китеп «Букварь» Москвада жарыкка чыккан. Педагогика илиминин калыптануусунда чех элинин ойчулу, гуманисти Ян Амос Коменскийдин эмгеги зор.Ал педагогиканын атасы деген ат менен таанымал болгон (1592-1670). А.Я.Коменскийден кийин классик педагогдор Дж.Локк, Ж.Ж. Руссо, И.Г. Песталоцци ж.б. тарбиялоонун жана окутуунун теоретикалык көйгөйлөрүн алдыга жылдырган. Алардан кийинки салым кошкон окумуштууларга В.Г. Белинский, А.И. Герцен, И.Г. Чернышевский, Н.А. Добролюбов, Л.Н. Толстой, Н.И. Пироговдор болгон. Ал эми XX к. С.Т. Щацкий, П.П. Блонскийлердин кошууга болот.

1. Тарбиялануучуларыбыздын ден-соолугу жакшы болуусу, алардын инсанынын туура жетилүүсүнө обьективдүү жана субьективдүү шарттарды түзүү. Объективдүү дегенде үй-бүлөдөгү материалдык камсыздоо: рационалдуу, нормалдуу тамактануу, ден-соолукка кам көрүү, баланын нормалдуу өсүп жатканына кам көрүү, үй-бүлөдөгү психологиялык климаттын таасири, ата-эненин өз ара мамилеси, ата-эненин балага жасаган туура мамилеси, убагында медициналык кароодон өтүү, сырткы чөйрөдөгү таасирлерди туура кабыл алуу, коомдук жүрүм-турумдарды өз жүрүм турумунда калыптандыруу, шыктандыруу ж.б.у.с таасирлердин баары баланын инсанынын туура калыптануусуна жана педагогдордун иш аракетин натыйжалуу, ийгиликтүү

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



алып кетүүсүнүн негизи катары каралат.

2. Тарбия берүүчүлөрүбүздүн же болочок педагогдордун өзүнүн үстүндө иш алып баруусу, изденүүсү, өзүн-өзү үлгү катары калыптандыруусу б.а. заманбап педагогдун талаптарына жооп бере алуусу анын эмгегинин жемиштүүлүгүнөн кабар берет. Негизинен тарбиячы – өзү тарбиялуу болуусу керек.

3. Мыкты, алдыңкы педагогдорду, жакшы адистерди даярдоо, окуу жайдын эң негизги жоопкерчиликтүү милдети болуп саналат. Ал үчүн жогорку окуу жайлардын биим берүү багытында эмгектенип жаткан профессордук-окутуучулук курамдын түзүмү да, заман талабына жооп берген түзүм болуусу зарыл.

**Адабияттар:**


1. Козлова С.А., Куликова Т.А. Дошкольная педагогика. М: Издательский центр «Академия» 2000. 5-10-беттер.
2. Омурбеков А.М. Компетенттүүлүк дидактикалык материал менен тыгыз байланышта. - Б., 2009-23.
3. Иванов Д.А. Компетентности и компетентностный подход в современном образовании. - М., 2007.
4. Морева Н.А. Основы педагогического мастерства. Практикум. - М., 2006.
5. Боталиева У.А. Педагогдун компетентүүлүгү – билим берүүнүн сапатын жакшыртуунун негизи. Б., 2010. - 26 (2).
6. Боркошев М.М., Мийзамов М. Педагогическая значимость диагностики физического здоровья дошкольников. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2015. №. 9. С. 37-38.
7. Зикирова Г.А., Култаева Д.Ч. Деловое отношение и профессиональная компетентность. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2019. №. 1. С. 155-158.
8. Абдуллаев Р.М. Профессиональная компетентность будущих учителей начальной школы. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 3. С. 159-162.